**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А. А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**К. КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 09.19.591**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 782.91.(575.2)(043.3)**

**САДЫКОВА АНВАРА АРИПОВНА**

# КАЗАКСТАНДЫК ХОРЕОГРАФИЯ КЛАССИКТЕРИНИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ УЛУТТУК ЖАНА БӨТӨН-УЛУТТУК (АБАЙ атындагы МОБАТтын СПЕКТАКЛДЕРИНИН МАТЕРИАЛЫНДА)

**17.00.02 – музыкалык искусство**

Искусство таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2020**

Диссертациялык иш КР УИАнын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун маданият жана искусство таануу бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** **Уметалиева Чынар Темиркул кызы,** маданият таануу илимдеринин доктору, КР УИАнын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун маданият жана искусство таануу бөлүмүнүн башчысы, профессор

**Расмий оппоненттери:** **Дүйшалиев Камчыбек Шаменович**, искусство таануу илимдеринин доктору, профессор, К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын музыка таануу жана композиция кафедрасынын башчысы

**Үсөнова Нургүл Эсенамановна,** маданият таануу илимдеринин кандидаты, доцент

**Жетектєєчї мекеме:** Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин хореография кафедрасы (720005, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш. Жантєшов көчөсү 113).

Диссертациялык иш 2020-жылдын “24”- апрелинде саат 12.00 де Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык), маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.19.591. Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.), андан тышкары К. Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик университетинин китепканасында (Бишкек шаары Тынчтык пр. 27) жана Диссертациялык кеңештин сайтында таанышууга болот www.fil.kg. Онлайн коргоонун паролу: 256-059-5631.

Автореферат 2020-жылдын «24» - мартында таркатылды

**Диссертациялык кенештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты** **Асанов Ж.К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Улам өсүп жаткан ааламдашуунун шарттарында, өзү менен кошо адамдардын жашоо-турмушунун жалпы стандартташтыруусун алып жүргөн жеке экономикалык, саясий жана маданий унификация коркунучунун алдында улуттук жана этномаданий салттуу баалуулуктарды сактоонун мааниси кыйла жогорулоодо. Заманбап дүйнөдө маданий ааламдашуу процесси кайра кайткыс кесепеттерге алып келет, ошондуктан улуттук маданиятты коргоо жана колдоо көрсөтүү тууралындагы маселе өзгөчө актуалдуу бойдон калууда.

Ушуга байланыштуу, улуттук жана бөтөн-улуттуктун диалектикасынын негиздөөчү эстетикалык маселеси жаңы мазмунга ээ болду, анткени маданияттардын бирдиктүү иш-аракеттер маселеси жеке жалпы адамзаттык маданиятты сактоочу жана кайра жаратуучу өзгөчө реалдуулук болууда.

Казакстандык хореография, искусствонун башка түрлөрү сыяктуу эле элдин социомаданий жашоосунун бир бөлүгү болуу менен улуттук маселени анын өзгөрмөлүү саясий жана маданий доминанттары менен көз жаздымда калтыра албайт. Балет искусствосунун жашоосунун улам тездеп жаткан ыргагынын динамикасында убакыттын өтүшү менен өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн координациялоо менен жаңы белгилерге ээ болот.

Бий тили элдин жашоо образы, анын социалдык жана тарыхый өткөнү менен байланышкан. Элдин мүнөзү, анын ойжүгүртүү өзгөчөлүктөрү салттуу пластикада кеңири орун алды, анда ар бир ыкма, дене кыймылы, мимика сезимдердин татаал гаммасын билдире алат. Белгилүү бир бийдин алкагында хореографиялык лексика элдин жамааттык образын жүзөгө ашырат.

Казакстандык хореография өзүнүн динамикалык өнүгүүсүндө чоң тарыхына ээ. XX кылымдын 30-40-жылдары республикада классикалык балеттин жаңы жанры өздөштүрүү башталган. Ошол эле мезгилде СССР республикаларынын салттуу маданияттарынын ассимиляциясында казак улуттук бий хореографиясы да түзүлгөн.

Белгилүү болгондой, Казакстандагы хореографиялык искусствонун мааниси жогорулап, казак маданиятын дүйнөлүк сахнада татыктуу коргоого жөндөмдүү улуттук балет спектаклдерди түзүү милдети кабыргасынан коюлган. Казакстандык хореографиянын пайда болуу мезгилинде татыктуу аткаруучулук дарамет топтолгон: казакстандык балет артисттери көптөгөн дүйнөлүк аянттарда керек болгон. Бирок, республиканын балет искусство ишмерлери үчүн маанилүү милдет катары казакстандык хореографиянын улуттук стилинин жеке өзгөчөлүгүн коргоо эсептелет.

Жогоруда айтылган негиздер диссертациянын темасын тандап алуусун алдын ала аныктады, анда Казакстандын балеттик искусствосундагы улуттук жана бөтөн-улуттук бирдиктүү иш-аракеттеринин өтүүчүлүк идеясы берилген, андан тышкары республиканын

көрүнүктүү балетмейстерлеринин көркөм ойломунун эмоционалдык-образдуу чөйрөсүнүн алкагындагы хореографиялык коюуларга искусство таануучулук талдоо жүргүзүлгөн.

Жогоруда айтылгандын баары изилдөөнүн тандалып алынган темасынын актуалдуулугун шарттады.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен болгон байланышы**. Тема КР УИАнын А. А. Алтмышбаев атындагы ФУжСУИИнун илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети**. Аталган изилдөөнүн объектиси болуп казакстандык хореографиялык мектептин улуттук жана бөтөн-улуттук диалектика маселеси эсептелет. Изилдөөнүн предмети болуп казакстандык хореографиянын ири өкүлдөрү Д. Абиров, З. Райбаев, М.Тлеубаев тарабынан улуттук менен бөтөн-улуттуктун кесилишинде алардын балетмейстердик чыгармачылыгынын алкагында коюлган Абай атындагы опера жана балет Мамлекеттик академиялык театрынын сахнасындагы белгилүү балеттик спектаклдары эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин **максаты** көрүнүктүү балетмейстерлер Д. Абиров, З. Райбаев, Б. Аюханов, М. Тлеубаевдар тарабынан берилген казак хореографиялык мектеп феноменин, алардын улуттук жана бөтөн-улуттук эстетикалык категорияларындагы бирдиктүү иш-аракеттеринин аспектисинде аныктоо. Коюлган максатка ылайык изилдөөнүн төмөндөгүдөй **милдеттери** берилди:

-Казакстандын хореографиялык искусствосунун проекциясындагы салттар менен заманбап мезгилдин ырааттуу байланышына негизделген спецификалык жана маңыздык белгилерин аныктоо;

-Казакстандын хореографиялык мектептин феномени тууралу улуттук жана бөтөн-улуттук эстетикалык категорияларды анализдөө;

-Алдыңкы хореографиялык мектептердин калыптануу тарыхын аныктоо:
италия, француз, орус, советтик мектептердин казакстандык хореографиялык мектепти түзүүгө болгон таасирин ачыкка чыгаруудагы айырмачылык белгилериндеги мүнөздөмөлөрү көрсөтүлгөн;

-Улуттук хореографиялык стил түзүү өбөлгөлөрүн изилдөө жана андагы спецификалык, маңыздык жана жалпы маданий белгилерди ачып берүү;

-Улуттук жана бөтөн-улуттук диалектикасынын мисалында көрүнүктүү балетмейстерлер Д. Абировдун, З. Райбаевдин, М. Тлеубаевдын чыгармачылыктарында Абай атындагы МОБАТтын сахнасындагы белгилүү балеттик спектаклдерди талдоого алуу;

-Улуттук жана классикалык бийлер синтезинин проекциясы катары Кыргызстандын жана Казакстандын хореографиялык мектептердин тажрыйбасын кароо;

-Казакстандагы улуттук балет спектаклдердин өнүгүүсүнүн андан аркы жолдорун берүү.

**Изилдөөнүн методдору жана аппаратурасы**. Диссертациянын методологиялык негизин диалектикалык метод сыяктуу системалык ыкма түзөт. Системалык ыкма хореографиялык искусствонун көрүнүшүн көп түрдүүлүктө, ошол эле мезгилде анын элементтеринин биримдигинде кароого шарт түзөт. Системалык ыкма бүтүндүн элементтеринин өз ара байланышын ачып берүү менен бир эле мезгилде себептик-натыйжалык байланышты аныктап, системанын функциялануусунун мыйзам ченемдүүлүгүн ачып берет. Бул көрүнүш анын касиеттеринин эки жактуулугунда каралып, карама-каршылыкта болот дегенди билдирет. Абстракттуу жана конкреттүү, жалпылык жана жекелик, анализ жана синтез ж.б.у.с. аталган изилдөөнүн комплексттүү системалык методун түзөт. Аталган иште дисциплина аралык метод дагы колдонулат, анда хореографиялык искусство маселеси бир канча илимдердин – искусство таануу, музыкалык эстетика, музыка таануу, маданият таануу, балетоведение алкактарында каралат. Андан тышкары, музыка менен хореографиянын иммаdebenттүү байланышына негизделген салыштыруу методу колдонулду. Салыштыруу методу көрүнүктүү казак балетмейстерлеринин чыгармачылыгындагы улуттук жана бөтөн-улуттук спектаклдардын бүтүн структурасын кароодо аналитикалык методдун курамдык бөлүгү болуп саналат.

Казак хореографиялык искусствосун изилдөөдө дисциплина аралык методду колдоонун парадигмасы болуп этномузыка таануу, музыкалык эстетика, тарых, этнография, дин жана көчмөн таанууну ж.б. билимдердин өзүнө тартуучу маселелер эсептелет. Комплекстүү системалык ыкма казакстандык хореографиянын андан аркы өнүгүүсүнүн бүтүн концепциясын түзүү жыйындысындагы чечилбеген маселелерди көрүүгө шарт түзөт.

**Иштин илимий жаңылыгы**. Казакстандык хореографиялык мектептеги улуттук менен бөтөн-улуттуктун диалектикалык өз ара байланыш маселесине арналган изилдөө болуп эсептелген диссертацияда алгачкылардан болуп:

-көп бөтөн-улуттук таасирлерди өзүнө тартып алган жана улуттук өзүнчөлүгүн жоготпогон, өзүнүн түпкү өзөгү казактардын бүтүн салттуу маданиятынын космологиялык элестерине кеткен казак хореографиялык мектебине системалык маани берүү аракети көрүлгөн;

-улуттук жана бөтөн-улуттук эстетикалык категориялары Казакстандын сахналык хореографиясынын тагдырына болгон проекциясында каралды;

-казак хореографиялык мектебинин феноменин калыптандырган улуттук жана бөтөн-улуттук таасирлери жалпыланган;

-Абай атындагы МОБАТтын сахнасындагы белгилүү балеттик спектаклдерге улуттук көйгөйдү чечүү алкагында бүтүн талдоо берилди;

-Кыргызстан менен Казакстандын улуттук балеттерин түзүүдө параллель жүргүзүлүп, өз ара таасирлердин белгилери аныкталды;

-европоцентристтик концепцияны алдын алуу маселелери, улуттук хореографиялык мектептердин бирдиктүү иш-аракеттеринин жолдору чагылдырылып, музыкалык жана хореографиялык симфонизм маселелери каралды;

-өлкөдө орнолгон жаңы телчиккен дүйнө элестин алкагындагы казак хореографиясынын андан аркы өнүгүү жолдору сунушталган.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**. Диссертациянын теоретикалык мааниси Абай атындагы МОБАТтын сахнасындагы Казакстандын алдыңкы балетмейстерлеринин белгилүү балет спектаклдеринде чагылдырылган жалпы европалык жана улуттук маданий баалуулуктардын синтезиндеги казакстандык хореографиялык мектебинин калыптануу процесстеринин системалык маанисинде турат. Эстетика, маданият таануу, балетоведение, музыка таануу, театроведение тармагындагы изилдөөлөргө таянган аталган диссертациянын практикалык мааниси жаш балетмейстерлердин, хореограф-коюучулардын, балеттин артисттери үчүн чыгармачылык издөөнүн материалы катары кызмат кылат.

Диссертация Абай атындагы МОБАТтын сахнасындагы белгилүү балеттик коюуларга арналган изилдөөлөрдү толуктай алат, аны менен бирге Казакстандын сахналык хореографиясынын өтүүчүлүк өнүгүүсүнүн бүтүн картинасын калыптандырат.

Иштин материалдары орто жана жогорку окуу хореографиялык мекемелеринин окутуучулары, студенттери жана магистранттары үчүн кызыгууну туударат. Материалдар «Хореографиядагы музыка», «Ата-мекендик жана чет элдик музыканын тарыхы» окуу-теоретикалык курстарында колдонулушу ыктымал, диссертациянын кээ бир бөлүмдөрү «Балеттин тарыхы» курсунда семинардык сабактар катары колдонсо болот.

Казакстандын хореографиялык искусствосуна байланыштуу диссертациянын бардык корутундулары менен жоболору, андан тышкары иште колдонулган иштеп чыгуулар менен методдор балеттик театр тармагындагы искусство боюнча кийинки илимий изилдөөлөр үчүн модель катары колдонсо болот.

**Коргоого сунуш кылынган диссертациянын негизги жоболору**:

1. Казакстандын хореография искусствосундагы салттар менен заманбап мезгилдин диалектикалык байланыш компоненттери катары улуттуктун спецификалык жана маңыздык белгилеринин биримдиги жана тең укуктуулугу улуттук балет театр үчүн чечкиндүү ролду ойнойт жана бөтөнчө маданияттар менен өз ара аракеттешүүсүн жеңилдетет.

2. Казак хореографиялык мектептин стилин калыптандыруудагы улуттук жана бөтөн-улуттук бирдиктүү иш-аракети улуттук жана классикалык бийдин органикалык синтез прогрессин жана ар түрдүү улуттук элементтердин сиңишип кетүүсүн чагылдырат.

3. Казак балетмейстерлери Д. Абиров менен З. Райбаевдын хореографиялык окууларында Абай атындагы МОБАТтын сахнасындагы Ф.Яруллиндин «Шурале», А. Хачатуряндын «Спартак» бөтөнчө-улуттук балеттеринде оригиналдык көркөм версиялар жаралды.

4. Казак салттуу балетинин өнүгүү маселесинин алкагындагы Г.Жубанованын - Д. Абировдун - З. Райбаевдин «Ак куш жөнүндөгү уламыш»; А. Серкебаевдын - М. Тлеубаевдын «Аксак кулан»; Т.Мынбаевдын - З. Райбаевдин «Фрески» улуттук балеттери заманбап казак улуттук балеттин көп түрдүү өнүгүү спектрин чагылдырды.

5. Кыргыз жана казак улуттук балет мектептердин бирдиктүү иш-аракеттеринин түшүмдүүлүгү казак жана кыргыз профессионалдык хореография искусствосунун тагдырларынын окшоштугу натыйжасында болду.

6. Жаңы мезгилдеги калыптанган дүйнө көз караштын алкагындагы казакстандык хореографиянын өнүгүүнүн келечеги заманбап хореографиялык образдуу ой жүгүртүү керектүү шарт түзүү натыйжасында пайда болду.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Байыркы кылымдардан келе жаткан казак музыкалык мурас жана казак элинин салттык маданиятындагы космогониялык түшүнүктөр аркылуу Казакстан хореографиялык искусствосунун феноменине автор системалык маани берүүгө аракет жасайт.

Казакстан хореографиялык мектебинин феномени улуттук жана бөтөн-улуттук таасирлерге берилип биринчи жолу жыйынтыкталат. Айтылган феномендин системалык изилдөөсү Казакстандын сахналык хореография тагдырынын проекциясы менен новатордук маселелеринин тизмеси көтөрүлөт. Бул жагынан бир топ приоритеттик темалар киргизилип иш инновациялык изилдөө катары эсептелет.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы**. Изилдөөнүн натыйжалары менен диссертациялык иштин негизги жоболору автор тарабынан бир катар илимий басылмаларда, эл аралык илимий–теоретикалык конференцияларда жарык көргөн (13), ошондой эле монографияларда (2): Международная научно-практическая конференция “Актуальные проблемы развития искусства в условиях глобализации современного мира”. – Алматы, 2005. – С. 441-445.; Международная научно-практическая конференция “Искусство в мировом культурном и образовательном пространстве”. – Алматы, 2006. – С. 325-331.; Международная научно-практическая конференция “Взаимосвязь интеграционных и инновационных процессовв искусстве, культуре и

образовании”. – Алматы, 2007. – С. 224-231.; Международная научно-практическая конференция “ЮНЕСКО и изучение феномена Великого Шелкового Пути в современном мире”. – Алматы, 2008. – С. 224-228.; Вестник Казахского Национального Университета им. Аль-Фараби №2 (35). – Алматы, 2010. – С. 206-209; Вестник Казахского Национального Университета им. Аль-Фараби №2 (35). – Алматы, 2010. – С. 226-230; Литературно-художественный ежемесячный журнал «Простор» №12 – Алматы, 2010. – С. 163-170; Степь, очарованная танцем…: Эссе и очерки. Балетное искусство Казахстана в годы Независимости. – Алматы: СаГа, 2011. – С. 62-111; Наш Александр Селезнев. Документально-художественное издание. – Санкт-Петербург: Лань, ПЛАНЕТА МУЗЫКИ, 2017. – 120 с.; VI Международная межвузовская научно-практическая конференция научных докладов студентов и молодых ученых «Инновационные технологии и передовые решения». – Бишкек, Кыргызстан, 2018. – С. 9-18.; Международный Восточно-Европейский научный журнал East European Scientific Journal/ Wschodnioeuropejskie Czasopismo Naukowe. –Варшава, Польша, 2018. – С. 9-16.; Журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» №11. – Бишкек, 2018. – С. 127-132; Журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» №11. – Бишкек, 2018. – С. 133-137.; Журнал «Манускрипт». Том 12. Выпуск 4. – Тамбов: Грамота, 2019. – С. 174-178.; Журнал «Манускрипт». Том 12. Выпуск 5. – Тамбов: Грамота, 2019. – С. 153-158.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмалардагы чагылуусунун толуктугу.** Республикалык журналдарда жана Эл аралык илимий-практикалык конференциялардын, монографиялардын материалдарынын жыйнактарында жарык көргөн улуттук балеттик искусство маселелери боюнча 15 илимий макалалардын автору. Изилдөөнүн натыйжалары менен диссертациялык иштин негизги жоболору бир катар илимий басылмаларда жана эл аралык илимий-теоретикалык жана практикалык конференциялардын баяндамасында (13; көлөмү 5.5 б.т.), андан тышкары монографияларда (2; көлөмү 11,5 б.т.) чагылдырылган. Алардын ичинен 3 макала чет мамлекетте, анын 2 макаласы РИНЦ системасына кирген басылмаларда жарык көргөн, алардын импакт-фактору: 0,146 жана 2 макала Кыргызстандын РИНЦ системасына кирген басылмада чыккан.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү** изилдөөнүн максаттары менен милдеттерине туура келет. Диссертация киришүүдөн, 15 параграфты камтыган үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү - 216 бет. Тиркемеде казак балетинин алгачкы изилдөөчүсү Лидия Сарынова тарабынан чогултулган А. В. Селезнев атындагы Алматы хореографиялык окуу жайынын Музейинен, Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен, кинофотодокументтер Борбордук

мамлекеттик архивинен жана Казакстан Республикасынын үн жазууларынан жана Даурен Абиров, Заурбек Райбаев, Булат Аюханов, Минтай Тлеубаев, Наталья Гудочкина, Майра Кадыровадан алынган кайталангыс фотоматериалдар берилген.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөө темасынын актуалдуулугу, теманын изилденишинин азыркы деңгээли аныкталат, анын объекти жана предмети, максаты жана милдеттери, теориялык-методологиялык негизи аныкталат, илимий жаңычылдыгы, практикалык мааниси, коргоого алып чыгарылуучу жоболору ачылат, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациялары сунушталат.

**«Казакстандык музыкалык-хореографиялык искусство проекциясындагы улуттук жана бөтөн-улуттуктун диалектикасы»** деп аталган биринчи бапта Казакстандын хореографиялык искусствосундагы «улуттук» жана «бөтөн- улуттук» түшүнүктөрүнүн мазмуну ачылып берилет.

*Биринчи баптын* «**Улуттуктун» спецификалык жана маңыздык белгилери: алардын бий маданиятындагы ролу**» *аттуу биринчи параграфында* диалектикалык өз ара иш-аракетте турган «улуттуктун» спецификалык жана маңыздык белгилерине мүнөздөмө берилип, искусстводогу улуттук жана космосаясаттык көрүнүштөрдү четке кагат. Улуттук категориясына өзүнүн психогенетикалык кодуна ээ болгон дайыма болуучу жана туруктуу чоңдук катары басым жасалат. Казак элинин бай тырыхка, салттарга, маданиятка жана руханий баалуулуктарга ээ болгон байыркы көчмөн цивилизациянын улуттук мүнөзүнүн касиеттери каралат. Казак элинин диний элестөөлөрүндө (теңирчилик, шамандык ырым-жырым ж.б.у.с.), салы жана сере искусствосунда, жырау эпикалык поэзиясында, акындардын ишмердүүлүгүндө камтылган бий искусствосунун көп түрдүү булактары көрсөтүлгөн. Талаа көчмөнүнүн жашоо-образын жана философиясын аныктаган теңирчилик календары тууралында айтылат. Казак бийи элдин жашоо системасынын кол тийбестиги катары мүнөздөлөт.

*Биринчи баптын* «**Алдыңкы улуттук хореографиялык мектептердин айырмачылык белгилеринин мүнөздөмөсү**» аттуу *экинчи параграфында* дүйнөлүк балеттик искусствонун негизин түзгөн италия, француз жана орус улуттук хореографиялык мектептерине мүнөздөмө берилет. Италия хореографиялык стилде бийдин ыргагынын кенендиги, көрүнүшү, мүнөздүүлүгү баса белгиленет. Француз хореографиялык мектепте – кантиленттүүлүк, фразировканын деталдашуусу, эмоционалдык романтизм. Орус балеттик искусствосу бий сызыктардын жана психологиялык мазмундуулуктун ырдуулугу менен мүнөздөлөт. Чайков-ский-Петипа менен Чайковский-Лев Ивановдун балеттеринен баштап му-

зыкалык жана хореографиялык аңгеме-баяндоо орнотулат. Балетти симфониялык драмалаштыруу болуп эсептелген лейтмүнөздүү системанын балеттик музыкага кирүүсүндөгү аталган новатордук реформанын маңызы ушунда турат. Бул орус хореографиялык искусствосунун деңгээлин жогору көтөргөн көркөм планка болгон.

*Биринчи баптын* «**Советтик балет мектептеги жаңы стилистик белгилер – орус хореографиясынын мураскери**» *аттуу үчүнчү параграфта* жаңы – тарыхый, социалдык, героикалык темалардын пайда болуусу менен мүнөздөлгөн советтик балет мектептин негиздери берилген. Алгачкы жолу балетте элдик массанын жашоо-турмушу чагылдырылган, анда башкы каарман катары эл жана анын күрөшү болот. Биринчи планга баатыр-каарман катары (Лауренсия менен Фрондосо, Спартак, Тарас Бульба, Жанна д'Арк ж.б.), андан тышкары ички дүйнөсү бай жана өнүккөн мүнөзү бар Джульетта, Отелло, Ленни жана Сари («Тропою грома») ж.б. каармандар чыгат. Жаңы тематиканы өздөштүрүү советтик балет эстетикасынын жетишкендиги болгон.

XX кылымдын 20-30-жылдары советтик балетте революциялык, тарыхый, элдик драма, поэма, хореографиялык роман, трагедия ж.б. жанрлар пайда болгон. Балет мурун аталган жанрга жеткиликтүү эмес болгон олуттуу тарыхый темаларды, социалдык конфликттерди жана трагедиялуу коллизияларды драма менен жарыша баштайт. Аталган мезгилдеги советтик балет искусство тармагындагы кыйла белгилүү чыгармалардан болуп Б.Асафьевдин «Бахчисарайский фонтан», «Пламя Парижа»; Р. Глиэрдин «Красный мак»; С. Прокофьевдин «Ромео и Джульетта»; Д. Шостаковичтин «Золотой век», «Болт», «Светлый ручей» эсептелет.

*Биринчи баптын төртүнчү параграфы* «**Казак сахналык хореографиясынын калыптануусу**» деп аталат. Көп улуттуу советтик маданият (1917-1991) көркөм баалуулуктарды эки жактуу алмашуу процессин чагылдырган стилистик элементтердин байланышы жана активдүү бирдиктүү иш-аракеттери менен белгиленген. Өткөн кылымдын 30-жылдары СССРде коомдун калың катмарынын музыкалык-театралдык искусствого болгон ыңгайлашуусунун керемет программасы жүзөгө ашырылган. Көптөгөн союздук республикалар сыяктуу эле Казак ССРи СССРдин жашоо-турмушунун жалпы агымына тартылган. Жаш улуттук кадрларды даярдоо Москва менен Ленинграддын музыкалык-театралдык мекемелери тарабынан жүзөгө ашырылган. Кылымдар бою өнүгүп келген эки өз алдынча орус-европалык жана казак-көчмөн маданияттарынын биригүү жолунда көптөгөн милдеттер турган, аларды түп-орду менен советтик көрсөтмөлөрдүн рухунда тез чечүү турган.

*Биринчи баптын бешинчи параграфы* «**Улуттук жана бөтөн-улуттуктун бирдиктүү иш-аракеттеринин алкагындагы улуттук хореографиялык стили**» деп аталат. Анда казак жана орус элдеринин

менталитетинин жалпылыгы эки элдин көп кылымдык тарыхы менен байланыштуусу жөнүндө сөз болот. Аларды бириктирүүчү маанилүү белгилердин бири - евразиячылык. Экинчи жагынан, орус жана казак балет мектептери жалпы кардиналдуу өзгөчөлүккө ээ: алар көп улуттуу. Казакстан үчүн кыйла ылайыктуусу болуп евразиялык цивилизация идеясы эсептелет. Казакстандын маданияты менен искусствосундагы улуттук менен бөтөн- улуттуктун категориясына жетүүдөгү ачкыч ушунда турат.

Хореографиялык искусстводо улуттук мүнөз, темперамент жана психикалык түзүлүш баарынан мурда мүнөздүү бий билдирет. Бирок классикалык бий өзүнүн тилинин универсалдуулугуна карабастан аталган улуттук мүнөздү берүүгө жөндөмдүү. *Улуттук стиль* – бул ар бир элдин психикалык кайталангыс өзгөчөлүктөрүн, ойломун, темпераментин, этикалык-эстетикалык постулаттарынын, көркөм баалуулуктарынын берилиши. Улуттук стилдин пайда болуусунун шарты болуп улантуучулук эсептелет, ал новатордук менен диалектикалык бирдикте болот. Хореографиялык улуттук стиль көптөгөн тараптар жана сапаттар менен аныкталат: идеялардан хореографиялык лексикага, сюжеттер менен образдардан формалар менен жанрларга чейин. Бул байланыштарга башка улуттук элементтер да кирет. Улуттук психологиялык жана менталдык белгилердин комплекси – ата-мекендик да, чет элдик балет спектаклдердин чечмеленишинде да берилет. Улуттук психологиялык белгилер менен ойлом образынын комплексинин улуттук сапат негизделген аткарууга проекцияланат.

Иштин **«Абай атындагы МОБАТтын сахнасындагы бөтөн-улуттук балет спектаклдер»** ***аттуу экинчи бапында*** музыкалык-сценалык драматургияга жана хореографиялык лексикасына Ф.Яруллиндин «Шурале», А.Хачатуряндын «Спартак» спектаклдеринин казакстандык балетмейстерлер Даурен Абиров менен Заурбек Райбаевдын коюларына салыштыруу жүргүзүлөт.

*Экинчи баптын* **«Ф. Яруллиндин «Шурале» балети Даурен Абировдун хореографиялык окуусундагы татар улуттук спектаклинин үлгүсү катары»** *аттуу биринчи параграфында* татар композитору Ф.Яруллиндин «Шурале» балетинин музыкасына жана хореографиясына мүнөздөмө берилет. Сценарийдин тең авторлошу болгон балетмейстер Л.Якобсондун «Шуралени» койуусундагы ролу баса белгиленип, алдыда болгон спектаклдин органикалуулугуна шарт түзүлгөн. Татар балетинин хореографиялык лексикасы улуттук бий тилинин негизиндеги классикалык салтына кайтарылган. «Шурале» балетинде өзүн бийдик өнүттөгү кенендигин билдирген Л. Якобсондун балеттик симфонизми кездешет, анда классикалык, элдик-сахналык, жеке жана ансамблдик номерлер айкалышат. Биринчи татар улуттук балети СССР элдеринин маданияттарынын эң мыкты жетишкендиктеринин катарында татыктуу орунга ээ болгон.

«Шурале» спектаклинин көрүүчүлөр арасындагы туруктуу таанымалдыгы анын музыкалык тилинин элдүүлүгү менен түшүндүрүлөт, анда

музыка татар элдик обондорунун руху жана драматургиялык чеберчилиги менен таанылат, алардын образдардын трансформациясынын кыймылдуу картинасынын кагылышуусундагы. Ф. Яруллиндин «Шурале» туңгуч улуттук татар балет спектаклинин премьерасы Абай атындагы МОБАТтын сахнасында 1956-жылдын 14-декабрында болгон. Биринчи улуттук кесипкөй хореограф Д. Т. Абиров өз алдынча художник катары оригиналдуу бий жана пантомималык сценаларды түзгөн.

*Экинчи баптын экинчи параграфы* «**А. Хачатуряндын «Спартак» балети ар кыл улуттук маданияттардын бирдиктүү иш-аракеттеринин парадигмасы катары**» деп аталып А. Хачатуряндын чыгармачылыгына арналган. XIX-XX кылымдын аралыгында музыкалык психологияда түпорду менен алдыга жылуулар болот, анын натыйжасында дүйнөлүк музыка Европанын искусствосу менен жалпы окшошуудан калат. Чыгыш менен Батыштын музыкасынын бири-бирин байытуусу Арам Хачатуряндын чыгармачылыгында өзүнүн туу чокусуна жетет. Композитордун музыкасы нукура элдүүлүгү, реалдуулугу, көркөм форманын мазмунунун тереңдиги жана өркүндөтүлүшү менен айырмаланат.

Параграфта А. Хачатуряндын чыгармачылыгы Закавказье менен Борбордук Азиянын композитордук мектептер үчүн олуттуу көркөм тажрыйбанын жүзөгө ашырылуусу катары мүнөздөлөт. Анын музыкасында ар кыл улуттук жана түрдүү стилдик белгилердин синтезиндеги татаал процесс ишке ашты. Сюитадан симфонизмге болгон чыгармачылыктагы аракеттик эволюция ири формаларды түзүүгө жол ачып берип, Советтик Чыгыштын композиторлоруна баа жеткис көмөк көрсөткөн.

Элдик-жанрдык башталышка таянуу менен А. Хачатурян XIX-XX кылымдардагы орус композитордук мектебинин салттарын фольклордук материалдар менен уланткан, аны менен бирге европалык жана чыгыш музыкалык системаларынын дал келбөөчүлүгү туурасындагы элестөөлөрдү кыйраткан. А. Хачатурян Чыгыштын монодиялык музыкалык маданиятын европалык музыканын жанрлары менен формаларына жакындатып, европалык эмес мектептердин композиторлоруна улуттук тилди байытуу жолдорун көрсөткөн.

XX кылымдагы искусствонун техникасынын жана чеберчилик каражаттарына ээ болгон Хачатуряндын музыкалык тилинин көп улуттуулугу ага ар кыл башка улуттук маданияттардын сюжеттерине кайрылууга шарт түзүп, аларды дүйнөлүк жетишкендиктерден кылат.

Анын «Спартак» балети хореографиядагы жаңы героико-трагедиялык балеттин жанры болуп эсептелет. Ал өзүндө элдик бийдин, симфониялык ой-жүгүртүүсүн жана драматургиялык чеберчилигинин синтезин камтып турат. Хачатурян балет жанрын өтмө драмалык өнүгүүсүнүн лейтмотив системасы менен музыка-хореографиялык симфония катары чечмелейт. «Спартактын» симфонизми П. Чайковский, А.Глазунов, М. Равель, И. Стравинский, С. Прокофьев, Д. Шостакович

тарабынан негизделген балеттик музыканы симфониялаштыруу принцибин улантат.

*Экинчи баптын* «**Чоң театрдын сахнасында Ю. Григоровичтин койуусундагы А. Хачатуряндын «Спартагы**» *үчүнчү параграфында* А.Хачатуряндын «Спартак» балетинин музыка-драмалык жана хореографиялык концепциясына мүнөздөмө берилет, анда Ю. Григорович тарабынан 1968-жылы Чоң театрдын сахнасында жүзөгө ашырылган.

Балетмейстер гладиаторлордун көтөрүлүшүнүн лидери туурасындагы трагедиясынын өзүнүн версиясын түзүп, сценарийинде жеке драматургиялык жүрүш, конфликт менен бекитилген эпизоддордун түйүнүн калыпка келтирет: кул ээлөөчүлүк Рим дүйнөсүнүн Спартактын баатырдык-лирикалык дүйнөсү менен кагылышуусу.

Спартактын ролун чечүү новатордук болгон: баяндоо эпикалуулук лирикалык поэманын планына которулган. Спектаклга Спартактын тогуз монологу киргизилген – балеттин образдык-маңыздык драматургиялык түптөрү, алардын жардамы аркасында баатырдын образы калыптанууда берилген. Ю. Григоровичтин хореографиясында бийлик менен эркиндикке болгон аракетти чагылдырган эки күчтүү инсандар – Красс менен Спартактын эрктери кагылышат.

*Экинчи баптын* «**Абай атындагы МОБАТтын сахнасында З.Райбаевдын коюусундагы «Спартак» балети**» *аттуу төртүнчү параграфында* Заурбек Райбаевдын «Спартак» балетинин хореографиялык чечмеленишине талдоо жүргүзүлөт, ал Ю. Григоровичтин спектаклинин коюулушуна өзүнүн көз карашын билдире алган.

Либреттону, музыка-хореографиялык драматургияны, Ю.Григоровичтин спектакль стилистикасын сактоо менен З. Райбаев «Спартактын» оригиналдуу хореографиялык лексикасын түзгөн. Маэстро өзү Арам Хачатурян балеттин ачылышына Алматыга келип хореограф менен аткаруучулардын чеберчилигин баса белгилеп спектаклге жогорку баа берген. «Спартактын» премьерасы (1974-ж. апрель) Абай атындагы МОБАТтын балеттин тобу үчүн көп мааниге ээ болгон. Атагы чыккан театрда коюлган спектакль 30 жылдан ашуун жүргөн. З. Райбаевдын коюлуусундагы «Спартак» балети казак маданиятынын алтын казынасында бекем орноп калган.

***Үчүнчү бап*** **«Абай атындагы МОБАТтын сахнасындагы улуттук казак балеттери»** деп аталып, анда Абай атындагы МОБАТтын репертуарында бекем орундук алган казакстандык балет спектаклдердин панорамасы берилген. Газиза Жубанованын балеттери, андан тышкары казакстандык балетмейстерлер Б. Аюханов менен М. Тлеубаевдердин чеберчилиги «улуттук казак балети» аттуу ардактуу статусту алып жүрүшөт. Бапта Кыргызстан менен Казакстандын балет искусствосуна салыштырмалуу талдоо жүргүзүлөт.

*Үчүнчү баптын* «**Газиза Жубанованын улуттук жана бөтөн-улуттук маселесинин алкагындагы балет театры**» *аттуу биринчи параграфында* казак музыкасынын классиги Газиза Жубанованын балет театрына баа берилет. Казакстандык балетмейстерлер Д. Абиров менен З.Райбаевдын «Акканат» жана «Хиросима» балеттери каралат.

Казакстандагы хореографиялык ойдун жаңы стили Г.Жубанованын балет спектаклдери менен байланышкан. Анын эки өз алдынча «Акканат» жана «Хиросима» (1966-ж.) аталыштагы балеттерин бириктирген «Ак куш жөнүндөгү уламыш» балети бийдин структурасы аркылуу мазмундук башталышын берген. Композитордун балет чыгармачылыгында заманбап балеттин башкы эстетикалык принциптери аныкталган: ойдун идеялык мааниси, башка улуттук таасирлерге болгон ачыктыктагы улуттук аныктуулук, салттар менен новаторлуктун ырааттуулугу, көчмөн маданияттын бий салттарынын жана дүйнөлүк хореографиялык искусствонун синтези, искусствонун синтез идеясы, симфонизм ж.б.

Г. Жубанова сюжеттин философия-поэтикалык ойломуна жетүүгө аракет кылат. Ал үчүн тышкы окуялар менен байланышкан каармандардын ички сезимдери маанилүү. Ошондуктан анын балеттериндеги каармандардын калыптануусунда, өнүгүүсүндө жана аяктоосундагы тагдырын берүүгө шарт түзгөн симфонизм методу нукура ылайык. Г.Жубанованын балеттеринин музыкасы – татаал бий драматургиядагы өзүнүн берилүүсүн талап кылган ачык конфликттер, мүнөздөрдүн тез кагылышуулары менен болгон чыңалган лирикалык-трагедиялык баяндоосу. Музыкалык симфонизмдин мыйзамдары балет спектаклдин башка компоненттерине сыяктуу эле хореографиялык симфонизмге карата колдонулат.

Г. Жубанова өзүнүн балет театрында XX кылымдын 60-90-жылдарындагы советтик балеттин жаңы ыкмаларын ийгиликтүү түрдө колдонот. Искусствонун синтезинин кардиналдуу идеясы хореографияга көп жанрдуулукту жана балет партитурага вокалдык-вербалдык башталышты тартуу жолу менен толук деңгээлде жүзөгө ашырылган.

Газиза Жубанованын чыгармачылыгындагы фольклор – көп аспектилүү тармагына ээ болгон колдонуулук, кеңири жана көп кырдуу тема. Казак фольклорун иштеп чыкканында композитор жаңы сапаттуу баскычка көтөрүлөт. Мисалы, «Каракөз» балетинде ал анын маңыздык негиздерине кайрылып, улуттук музыкалык спецификага басым жасайт. Композитордун балеттеринин музыкасында улуттук көрүнүш симфониялык жалпыланган күүлөрдө сезилет. Ал пластикалык лексика менен балетте берилген заманбап музыкалык тилдин каражаттары менен трансформацияланган мелос менен ыргактын архаикалык катмарлары менен ондоп-түзөт. Г. Жубанова тарабынан улуу салттуу элдик музыканы мурастаган заманбап улуттук казак искусствосун түзүү идеясы жакын болгон. Башка жагынан, Г.Жубанованын чыгармачылыгында бөтөн-

улуттук көркөм элементтердин ассимиляциянуусу жүзөгө ашырылган, ал болсо ар кыл көркөм маданияттардын баарлашуусу жана жакындашуусунун үзүрү туурасында маалымат берип турат.

«Акканат», «Хиросима», «Каракөз», «Баттерфляй айым» балеттери улуттук эле эмес, жалпы адамзаттык масштабдагы темаларды көтөрүп чыгат. Анын балет чыгармачылыгында казак балет театрынын сапаттуу өзгөрүшү жүзөгө ашырылган. Ошол эле мезгилде, Жубанованын искусствосу башка улуттук маданияттары менен тыгыз байланышта болуп сырт жака да кең ачылган. Балет жанрында нравалык-этикалык категория Г.Жубанованын чыгармачылыгы үчүн аныктоочу болуп эсептелет. Ошондуктан анын чыгармачылыгынын эстетикасы жалпы адамзаттык түшүнүгү композиторду дүйнөлүк музыкалык искусствонун акылмандары менен бир катарга кошкон.

*Үчүнчү баптын* «**Казакстандык балетмейстер Булат Аюхановдун чыгармачылыгы**» *аттуу экинчи параграфы* казакстандык балеттин «легендасы» Булат Аюхановдун балетмейстердик ишмердүүлүгүнө кыскача баяндамага арналган. Балеттеги каралып жаткан улуттук жана бөтөн-улуттук маселелердин алкагында белгилей кетүүчү нерсе, ал дүйнөнүн көптөгөн сценаларында казак бийинин өзгөчөлүгүн классика менен болгон айкалышуусунда ачык көрсөткөн.

Б. Аюханов алгачкылардан болуп казакстандык композиторлордун опералык, симфониялык, кантата-ораториялык, аспаптык музыканы интерпретациялап, ага хореографиялык версияны берген. Ошондуктан советтик казакстандык композиторлордун музыкасын хореографиянын каражаттары менен популярлаштырууда Аюхановго алдыңкы роль таандык. Бир катар реформаларды жасоо менен ал «Алматынын жаш балети» (1967ж.) аттуу казак камералык балетинин жаралуусуна шарт түзгөн.

Балетмейстер Аюхановдун күчтүү сапаттары болуп табияттык таланттуулугу, улуттук өз алдынчалуулугу, балетке талбаган кызмат кылуу, эрудициялуулугу жана айныксыз көркөм табити. Алар анын жарым кылымдык интенсивдүү чыгармачылыгынын эмблематикасын аныкташып, анын хореографиялык коюусунун баалуулук сапаты болуп эсептелет.

*Үчүнчү баптын* **«Фрески» балет спектакли жана анын Казакстандын улуттук хореографиясынын тагдырындагы ролу»** *аттуу үчүнчү параграфында* композитор Тимур Мынбаевдин бир ысымдуу симфониялык поэмасынын музыкасына жазылган Заурбек Райбаевдин «Фрески» балет спектаклине көркөм баа берилет. Балеттин ачык, образдуу, ритмикалык «эр жүрөк» музыкасы Олжас Сулейменовдун «Глиняная книга» китебине негизделип, өзүнө музыкалык чыгуу менен бириккен тогуз картинадан драматургиялык концепцияны камтып турат. Байыркы скифтердин жашоосун баяндоо стандарттык эмес

хореографиялык лексикасын талап кылган, анда казак улуттук, классикалык жана заманбап бийлердин синтези суралган.

Байыркы маданияттын адиси, график-сүрөтчү Е. Сидоркин чеберчилик менен сценографияны багындырган. Скифтик тератологиялык стилдин манерасында берилген ар бир фресканын темасы сценалык иш-аракеттин сюжетин аныктаган. Е. Сидоркиндин графикасынын тереңдиги балеттик кылдаттыктын тонун берип, графикалык тилди көркөм ымдоого, бийге которууга шарт түзгөн. Ар бир фреска аталышка жана эмоционалдык маанайды түзүүчү жана жүзөгө ашырылган маңыздын өзүн билдирүүчү поэтикалык эпиграфка ээ болот. Фреска-картиналар иш-куз уруусунун байыркы Ассирияга болгон кол салуу тууралындагы сюжетке ылайыкташат, анда алар Ишторе кудайынын чиркөөсүн кулатат.

Балетмейстер бүтүн спектаклди түзгөн жана кайра жаралган фрескалардын ыкмасын тандаган. З. Райбаев үчүн аталган ыкма жалпылык жекеликтен түзүлгөн драматургиянын мозаикалык тибинин жүзөгө ашырылышы үчүн кызмат кылат.

Спектакль курч, «пастоздук мазкалар» менен белгилүү. Сырлардын түстүк жана түстүк полифониясы, терең колорити жана салтанаттуулугу эң сонун. Анда бардыгы «чоңдугу менен» чегинде. «Фрески» спектаклин кыскача «өзгөчө кырдаалдардагы өзгөчө мүнөздөр» катары мүнөздөөгө болот.

«Фрескалардын» хореографиялык чечилишинин өзгөчөлүгү совет-тик балет эстетиканын жаңы тенденцияларынын алкагында жатат жана классикалык бийдин формаларынын улуттук бийинин синтези аркылуу, экспрессивдик пантомимасы, турмуштун жана акробатиканын пластикасы аркылуу жаңылануусу белгиленген. Музыканын, сценарийдин, сценографиянын, хореографиянын органикалык биримдиги Абай атындагы МОБАТтын оркестрдин жана артисттеринин аткаруучулук чеберчилиги «Фрескаларга» көрүүчүлөрдө көптөгөн жылдарга актуалдуу жана муктаж болууга шарт түзгөн.

*Үчүнчү баптын төртүнчү параграфы* «**М. Тлеубаевдын коюсундагы А. Серкебаевдын «Аксак кулан» балети спектаклдеги күү жанрына болгон алгачкы кайрылуунун тажрыйбасы катары**» М. Тлеубаевдын коюсундагы А. Серкебаевдын «Аксак кулан» балетине арналган. Бул чыгарма казак балетинин тагдырындагы кандайдыр-бир бурулушту белгилеген. Аталган спектакль менен авторлор казак искусствосунда жаңы кадам жасашып, өзүнүн хореографиялык жана музыкалык эстетикасы менен улуттук балет искусствонун андан аркы тагдырына таасирин тийгизген. Алгачкы жолу хореографиялык спектаклде *күү* жанры колдонулуп, анын ар кыл интонациялары менен лейтмотивдери балет партитурасын өтүп кетишет, бий драматургияны алдын ала айтуу менен сюжетти жаратат. Маалым болгондой, композитор уламыш-күү жанрына бүтүн спектаклдин негиздери катары кайрылган.

Элдик уламыш-күүнүн философиялык тереңдиги жана образдуу көп катмарлуулугу фольклордук теманы кесиптик музыканын ар кыл жанрларында көтөрүп чыккан өткөн кылымдын 30-жылдарындагы Казакстандын композиторлорун кызыктырган. Өзүнүн режиссердук дебюту үчүн М.Тлеубаев монгол-татардык басып алуулар мезгилиндеги XIII кылымдагы казак талаасындагы трагедиялуу окуялар туурасындагы байыркы элдик уламыштардын сюжетин тандап алган.

Ачык фабула, конкреттүү образдардын болуусу, театрлаштыруунун элементтери балет спектаклдин жанрындагы «Аксак кулан» күүсүн жүзөгө ашыруунун өбөлгөсү болуп эсептелген. Композитор А. Серкебаев элдик айтуунун рухуна жооп берген ачык-театралдык музыканы түзгөн. «Аксак кулан» спектакли өзүнө ири масштабдуу балет форматындагы күү жанрын алып чыгуунун алгачкы тажрыйбасын камтып турат.

Сюжет балетмейстерден метафориялык ойломду жана поэтикалык образдуулукту, терең нравалык-этикалык темага – искусствонун бардык жеңүүчү күчүнө маани берүү жөндөмдүүлүгүн талап кылган. М.Тлеубаев «Аксак куланда» элдик уламышка, күү поэтикасына негизделген новатордук балетти жаратат.

*Үчүнчү баптын* «**Казакстандагы улуттук балет спектаклдердин өнүгүү жолдору туурасында**» *аттуу бешинчи параграфында* Казакстандагы улуттук балет искусствонун өнүгүү жолдору жалпыланат. Ата-мекендик балетмейстерлердин сиңирген эмгегине бийдин классикалык элементтерин улуттук хореографиялык лексика менен синтездештирүү жөндөмү таандык, ал бүтүндүктү кыйратпастан, казак бийинин кайталангыс өзгөчөлүгүн ачып берет. Музыка менен хореографиядагы көркөм каражаттардын интенсивдүү өнүгүүсү жана дифференциациясына байланыштуу кыйла назик жана татаал толкундоолор менен идеяларды билдирүү мүмкүнчүлүгү ачылат, андан тышкары кайра татаалданып кетүү коркунучу пайда болот. Багыт катары улуттук балеттерди түзүүчүлөрдүн «гендик эс-тутуму» кызмат кылуусу керек. Анткени, музыка менен хореографиядагы көркөмдүктүн жаңы каражаттары качан алар улуттук ойломдун салттуу системасына кирген кезде турмуштук жана узак мөөнөттүү болуп калышат.

*Үчүнчү баптын* «**Кыргызстан менен Казакстандагы улуттук балет спектаклдерди түзүү тажрыйбасы**» *деген аталыштагы алтынчы параграфында* Казакстан менен Кыргызстандагы  улуттук хореографияны түзүү тажрыйбасы жалпыланат. Казакстандык жана Кыргызстандык кесиптик хореографиянын тагдыры көпчүлүк жагынан окшош келишет. Алардын экөө тең өзүнүн негизи катары көп кылымдык көчмөндөрдүн синкреттик салттуу маданиятын алып жүрүшөт. Казакстан менен Кыргызстан СССРдин союздук республикаларынан болуу менен кесиптик кайра өзгөрүүнүн жолунда болуу менен жаңы музыкалык жанрларды өздөштүрүү иши турган. Убакыттын өтүшү менен жеке композитордук

мектептер калыптанып, академиялык өнүгүүнүн жолуна искусство менен музыка коюлган. Эки республикага тең ири кыйынчылыктарды чечүү милдети туруп, кесиптик өзгөрүү жолунда болушкан. Ошондуктан өткөн кылымдын 30-жылдарында калктын калың катмарынын дүйнөлүк искусствонун үлгүлөрүнө, андан тышкары массалык жанрларга катыштыруу менен керемет программасы жүзөгө ашырылган.

Эки республикага тең, жеке өзүнүн хореографиясын түзүүдөн мурда классикалык бий мектебин түзүү, классикалык бий менен бириктирип, улуттуук бий фольклорун кайра жандандыруу, көрүүчүлөргө мурун белгисиз болгон музыка-театралдык искусствонун жанрларына көндүрүү милдети турган. Алгачкы казак жана кыргыз музыкалык драмалары биринчи улуттук опералар менен балеттер үчүн алгачкы кадамдардан болуп, республикалардагы жаңы жанрлардын өнүгүүсүнүн этаптык жолун түшүндүргөн: музыкалык драма – опера–балет. Республикаларда өзүнүн улуттук жеке өзгөчөлүгүн жоготпостон, искусствонун европалык үлгүлөрү менен бир катарда болгон жаңы маданият калыптанган.

## КОРУТУНДУЛАРЫ

Корутундуда диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары берилет. XX-XXI кылымдар аралыгында искусствону, анын көрүнүштөрү менен процесстерин изилдөөнүн парадигмасы өзгөрдү. Илимий изилдөөнүн ыкмасы интегративдүү, дисциплина аралык болууда. Казакстандык хореография маселесин кароодо колдонулуучу комплекстүү ыкма бир катар дисциплиналарга – искусство таануу, маданият таануу, эстетика, музыка билимдин, балет таануу, этнография, тарыхтын маалыматтарына таянат. Бул таанымдын ар тарабынан улуттук хореографиялык стилинин калыптануусу жана өнүгүүсү менен байланышкан маселелерди чагылдырууга шарт түзөт.

**«Казакстандык хореография классиктеринин чыгармачылыгындагы улуттук жана бөтөн-улуттук (Абай атындагы МОБАТтын спектаклдеринин материалында)»** аттуу диссертацияда биринчи жолу казакстандык искусство таануучулук илимде казакстандык хореографиялык мектептин феноменине системалык маани берилип, анын калыптандырган улуттук жана бөтөн-улуттук таасирлери жалпыланды, андан тышкары казакстандык балеттеги улуттук белгилердин өзгөрүлбөстүк жана туруктуулук себептери ачылып берилди. Өз элинин тарыхый өткөнүнүн байыркы катмарларын изилдөө, казак элдик, классикалык жана заманбап бий элементтеринин синтези, музыкалык жана хореографиялык симфонизмдин гармониялык карым-катнашы ж.б.у.с. – мунун баары олуттуу илимий изилдөө үчүн предмет болуп калды.

Казакстандын хореографиялык искусствосундагы улуттук жана бөтөн- улуттук диалектикасы музыка-театралдык искусство, республикада-

гы хореографиялык мектептердин өзгөчөлүктөрү, бий тилдин эволюциясы менен эле байланышкан маселелердин айлампасын камтып турбастан, салт менен новаторлуктун диалектикалык байланыштарынын тенденцияларын, маданий мурасты өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн жана аны жаңы муунга өткөрүп берүүсүн да түшүндүрөт. Менталдуулуктун, улуттук руханий түзүлүштүн, казак элинин ойлом образы менен психологиясынын өзгөчөлүктөрү анын балет искусствосунда, музыка-сахналык чыгармачылыгында өзүнүн ордун тапты. Бул драматургиянын, сценарийлик жүзөгө ашырылуунун деңгээлинде эле эмес, музыкалык материалдын, пластикалык тилдин, хореографиялык симфонизмдин деңгээлинде да берилет.

Азыркы кезде ачылган казак бий искусствонун дүйнөлүк хореографиялык маданият менен болгон байланыштарынын кеңири мүмкүнчүлүктөрү улуттук өзгөчөлүктү андан аркы издөөнү, балет спектаклдерди түзүүнү стимулдаштырып, жалпы дүйнөлүк маданияттын бир бөлүгү боло алат.

Казакстандык хореографиялык мектеп феноменин улуттук жана бөтөн-улуттук диалектикасы аркылуу кароо төмөнкү **жыйынтыктарга** келүүгө шарт түзөт:

1. Казакстандык хореографиялык мектептин өзгөчөлүгү бий салттардын этномаданий белгилери кардиналдуу мааниге ээ болгон улуттук жана бөтөн-улуттуктун синтезинде турат;

2. Салттар менен ырааттуу байланышта негизделген улуттуктун спецификалык жана маңыздык белгилерин ачыка чыгаруу алардын казак бий маданияттагы ролун аныкоого шарт түздү;

3. Алдыңкы хореографиялык – италия, француз, орус, советтик мектептердин калыптануу тарыхынын кайра калыптануусунда, айырмачылыктык белгилеринин мүнөзүндөмөсүндө казак хореографиялык мектебинин калыптануусуна тийгизген таасириндеги ролу аныкталды;

4. Абай атындагы МОБАТтын сахнасындагы башка улуттук спектаклдер Ф. Яруллиндин «Шурале» жана А. Хачатуряндын «Спартак» коюлушу казак балетмейстерлери Д. Абиров менен З. Райбаевдин интерпретациялары башка улуттук формалар менен жанрлардын улуттук маданиятка тийгизген таасиринин жакшылыгы туурасында маалымат берип турат;

5. Г. Жубанованын – Д. Абировдун – З. Райбаевдын «Ак куш жөнүндөгү уламыш»; Т. Мынбаевдын – З. Райбаевдын «Фрески»; А. Серкебаевдын – М. Тлеубаевдын «Аксак кулан» улуттук балет спектаклдеринде европа формалардын улуттук элементтер менен болгон синтези жүзөгө ашырылган;

6. Казакстандагы улуттук балет спектаклдердин өнүгүүсүнүн андан аркы жолдору жалпы адамзыттык маселелерди көтөрүүчү «заманбап спектакль» түшүнүгү, андан тышкары бийдин улуттук табияты менен байланышкан.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

1. Садыкова А. А. Балетмейстерский дебют Заурбека Райбаева [Текст] / А. А. Садыкова // Международная научно-практическая конференция “Актуальные проблемы развития искусства в условиях глобализации современного мира”. – Алматы, 2005. – С. 441-445.
2. Садыкова А. А. Проблемы становления Казахского национального балетного спектакля в 60-е годы XX века на сцене ГАТОБ им. Абая [Текст] / А. А. Садыкова // Международная научно-практическая конференция “Искусство в мировом культурном и образовательном пространстве”. – Алматы, 2006. – С. 325-331.
3. Садыкова А. А. Работа З. Райбаева над балетом «Спартак» А. Хачатуряна [Текст] / А. А. Садыкова // Международная научно-практическая конференция “Взаимосвязь интеграционных и инновационных процессов в искусстве, культуре и образовании”. – Алматы, 2007. – С. 224-231.
4. Садыкова А. А. Драматургия балета Ф. Яруллина «Шурале» (к вопросу о диалектике национального и инонационального в хореографии) [Текст] / А. А. Садыкова // Международная научно-практическая конференция “ЮНЕСКО и изучение феномена Великого Шелкого Пути в современном мире”. – Алматы, 2008. – С. 224-228
5. Садыкова А. А. Работа Л. Якобсона над постановкой балета А. Хачатуряна «Спартак» [Текст] / А. А. Садыкова // Вестник Казахского Национального Университета им. Аль-Фараби №2 (35). – Алматы, 2010. – С. 226-230.
6. Садыкова А. А. К вопросу о путях развития национальных балетных спектаклей в Казахстане [Текст] / А. А. Садыкова // Вестник Казахского Национального Университета им. Аль-Фараби №2 (35). – Алматы, 2010. – С. 206-209.
7. Садыкова А. А. Балетный спектакль “Фрески” и его роль в судьбах национальной хореографии Казахстана [Текст] / А. А. Садыкова // Литературно-художественной ежемесячный журнал «Простор» №12. – Алматы, 2010. – С. 163-170.
8. Садыкова А. А. У истоков танца [Текст] / А. А. Садыкова // Степь, очарованная танцем…: Эссе и очерки. Балетное искусство Казахстана в годы Независимости. – Алматы, «СаГа», 2011. – С.62-111.
9. Жуйкова Л. А., Садыкова А. А., Уразымбетов Д. Д. Наш Александр Селезнев [Текст] / Л. А. Жуйкова, А. А. Садыкова, Д. Д. Уразымбетов // Документально-художественное издание. – Санкт-Петербург: «Лань», «ПЛАНЕТА МУЗЫКИ», 2017. – 120 с.
10. Садыкова А. А. Опыт создания национальных балетных спектаклей в Кыргызстане и Казахстане [Текст] / А. А. Садыкова // VI Международная межвузовская научно-практическая конференция научных

докладов студентов и молодых ученых «Инновационные технологии и передовые решения». – Бишкек, Кыргызстан, 2018. – С. 9-18.

11. Садыкова А. А. The experience of creating national ballet spectacles in Kyrgyzstan and Kazakhstan [Текст] / А. А. Садыкова // East European Scientific Journal/ Wschodnioeuropejskie Czasopismo Naukowe. – Варшава, Польша, 2018. – С. 9-16.

12. Садыкова А. А. Балетный театр Газизы Жубановой на примере балетов «Акканат» и «Хиросима» [Текст] / А. А. Садыкова // Журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» №11. – Бишкек, 2018 .–С.133-137. https://science-journal.kg/media/papers/nntiik/2018/11/133-137.pdf

13. Садыкова А. А. Балет «Шурале» Ф.Яруллина как образец татарского национального спектакля в хореографическом прочтении Даурена Абирова [Текст] / А. А. Садыкова // Журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» №11. – Бишкек, 2018. – С.127-132. http://science-journal.kg/ru/journal/1/archive/12070

14. Садыкова А. А. Специфические и сущностные черты «национального» и их роль в танцевальной культуре казахского народа [Текст] / А. А. Садыкова // Журнал «Манускрипт». Том 12. Выпуск 4. – Тамбов: «Грамота», 2019. – С.174-178. https://www.gramota.net/materials/9/2019/4/35.html

15. Садыкова А. А. Ведущие национальные хореографические школы- фундамент мирового балетного искусства [Текст] / А. А. Садыкова // Журнал «Манускрипт». Том 12. Выпуск 5. – Тамбов: «Грамота», 2019. – С.153-158. https://www.gramota.net/materials/9/2019/5/33.html

**Садыкова Анвара Ариповнанын искусство илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 17.00.02 – музыкалык искусство адистиги боюнча “Улуттук жана бөтөн-улуттук маселелер Казакстан хореографиясынын классиктердин чыгармачылыгында (Абай атындагы МОБАТтын спектаклдердин материалдарында)” аттуу темада жазылган диссертациясына**


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** хореографиялык искусство, улуттук, бөтөнчө-улуттук, бий маданияты, спецификалык, маңыздуу, эзелден берки салт, балетмейстер чеберчилиги, улуттук балет.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети**. Аталган изилдөөнүн объектиси болуп казакстандык хореографиялык мектептин улуттук жана бөтөн-улуттук диалектика маселеси эсептелет. Изилдөөнүн предмети болуп казакстандык хореографиянын ири өкүлдөрү Д. Абиров, З. Райбаев, М. Тлеубаев тарабынан улуттук менен бөтөн-улуттуктун кесилишинде алардын балетмейстердик чыгармачылыгынын алкагында коюлган Абай атындагы опера жана балет Мамлекеттик академиялык театрынын сахнасындагы белгилүү балеттик спектаклдары эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты:** көрүнүктүү балетмейстерлер Д. Абиров, З. Райбаев, Б.Аюханов, М. Тлеубаевдар тарабынан берилген казак хореографиялык мектеп феноменин, алардын улуттук жана бөтөн-улуттук эстетикалык категорияларындагы бирдиктүү иш-аракеттеринин аспектисинде аныктоо.

**Изилдөөнүн методу:** диссертациянын методологиялык негизин диалектикалык методун билдирген системалык негиз түзөт. Аталган иште дисциплина аралык метод дагы колдонулат, анда хореографиялык искусство маселеси бир канча илимдердин алкактарында каралат.

**Иштин илимий жаңылыгы:** -өзүнүн түпкү өзөгү казактардын бүтүн салттуу маданиятынын космологиялык элестерине кеткен казак хореографиялык мектебине системалык маани берүү аракети көрүлгөн; -улуттук жана бөтөн-улуттук эстетикалык категориялары Казакстандын сахналык хореографиясынын тагдырына болгон проекциясында каралды; -казак хореографиялык мектебинин феноменин калыптандырган улуттук жана бөтөн-улуттук таасирлери жалпыланган; -Абай атындагы МОБАТтын сахнасындагы белгилүү балеттик спектаклдерге улуттук көйгөйдү чечүү алкагында бүтүн талдоо берилди; -Кыргызстан менен Казакстандын улуттук балеттерин түзүүдө параллель жүргүзүлүп, өз ара таасирлердин белгилери аныкталды;-европоцентристтик концепцияны алдын алуу маселелери, улуттук хореографиялык мектептердин бирдиктүү иш-аракеттеринин жолдору чагылдырылып, музыкалык жана хореографиялык симфонизм маселелери каралды; -өлкөдө орнолгон жаңы телчиккен дүйнө элестин алкагындагы казак хореографиясынын андан аркы өнүгүү жолдору сунушталган.

**Колдонуу боюнча сунуштамалар.** Иштин материалдары орто жана жогорку окуу хореографиялык мекемелеринин окутуучулары, студенттери жана магистранттары үчүн кызыгууну туударат. Материалдар «Хореографиядагы музыка», «Балеттин тарыхы» ж.б окуу-теоретикалык курстарында колдонулушу ыктымал.

**Изилдөөнүн натыйжаларын колдонуу чөйрөсү.** Диссертациянын материалдары хореография жана балеттик театр тармагындагы искусство боюнча кийинки илимий изилдөөлөр жана окуу иштеринде үчүн модель катары колдонууга болот.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Садыковой Анвары Ариповны на тему: Национальное и инонациональное в творчестве классиков казахстанской хореографии (на материале спектаклей ГАТОБ им. Абая), представленной на соискание ученой степени кандидата искусствоведения по специальности: 17.00.02 – музыкальное искусство.**

**Ключевые слова:** хореографическое искусство, национальное, инонациональное, танцевальная культура, специфический, сущностный, многовековая традиция, балетмейстерское мастерство, национальный балет.

**Объектом исследования** является проблема диалектики национального и инонационального в казахстанской хореографической школе. **Предметом исследования** являются знаковые балетные спектакли на сцене Государственного академического театра оперы и балета им. Абая, поставленные крупнейшими представителями казахстанской хореографии в аспекте пересечения национального и инонационального в их балетмейстерском творчестве.

**Цель исследования**: определение феномена казахстанской хореографической школы, представленной деятельностью её выдающихся балетмейстеров – Д. Абирова, З. Райбаева, Б. Аюханова, М. Тлеубаева, в аспекте взаимодействия в ней эстетических категорий национального и инонационального. **Метод исследования.** Методологическую основу диссертации составляет системный подход как выражение диалектического метода. В работе используется также междисциплинарный метод, при котором проблематика хореографического искусства рассматривается в контексте нескольких наук.

**Новизна результатов:** -предпринята попытка системного осмысления феномена казахстанской хореографической школы, своими корнями уходящей в космологические представления целостной традиционной культуры казахов; -рассмотрены эстетические категории национального и инонационального в их проекции на судьбы сценической хореографии Казахстана; -обобщены национальные и инонациональные влияния, сформировавшие феномен казахстанской хореографической школы; -представлены целостные анализы знаковых балетных спектаклей на сцене ГАТОБ им. Абая в аспекте решения в них национальной проблематики; -проведена параллель в создании национальных балетов Кыргызстана и Казахстана, определены черты взаимовлияния; -освящены проблемы преодоления европоцентристской концепции, пути взаимодействия национальных хореографических школ, а также рассмотрены проблемы симфонизма музыкального и хореографического; -предложены пути дальнейшего развития казахстанской хореографии в свете нового растабуированного миропредставления, утвердившегося в стране.

**Рекомендации по использованию:** материалы диссертации могут представлять интерес для преподавателей, студентов и магистрантов средних и высших учебных хореографических заведений, могут быть использованы в учебно-теоретических курсах «Музыка в хореографии», «История балета» и др.

**Область применения:** материалы диссертации могут применяться в научной, учебной деятельности по искусствоведению в области хореографического искусства и балетного театра.

## SUMMARY

**Sadykova Anvara Arhipovna's dissertation on the theme: National and Other-national in the works of the classics of Kazakhstan choreography (based on the State Academic Opera and Ballet Theater named after Abay performance materials), presented for obtaining the academic degree of Candidate of Art Criticism in the specialty: 17.00.02 - Musical Art.**

**Key words:** choreographic art, national, other-national, dance culture, specific, essential, centuries-old tradition, ballet master's skill, national ballet.

**The object** of the research is the problem of dialectics of national and other-national in the Kazakhstan choreographic school.

**The subject** of the research is the iconic ballet performances on the stage of the State Academic Opera and Ballet Theater named after Abay, staged by the largest representatives of Kazakhstan choreography in the aspect of the intersection of national and other-national in their choreography.

**The purpose** of the study: determination the phenomenon of the Kazakhstan choreographic school, represented by the activities of its outstanding choreographers -D. Abirov, Z. Raibayev, B. Ayukhanov, M. Tleubayev, in the aspect of interaction of aesthetic categories of national and other-national in it.

**Method of research.** The methodological basis of the dissertation is a systematic approach as an expression of the dialectical method. An interdisciplinary method is also used in the work, in which the problems of choreographic art are considered in the context of several Sciences.

**The novelty of the results:** - an attempt to systematic comprehension of the phenomenon of the Kazakhstan choreographic school is made, which has its roots in the cosmological representations of the integral traditional culture of the Kazakhs; - the aesthetic categories of the national and other-national in their projection on the fate of the stage choreography of Kazakhstan; - the national and other-national influences that formed the phenomenon of the Kazakhstan choreographic school are summarized; - the integral analysis of iconic ballet performances on the stage of Academic Opera and Ballet Theater named after Abay in aspect of solving the national issues; – a parallel in the creation of national ballets of Kyrgyzstan and Kazakhstan was drawn, features of mutual influence were identified; – problems of overcoming the Eurocentric concept, ways of interaction between national choreographic schools were discussed, and problems of symphony of music and choreography were examined; – ways of the further development of Kazakhstan choreography in the light of a new, restrained worldview, established in the country.

**Recommendations for use:** the dissertation materials may be of interest to teachers, students and undergraduates of secondary and higher educational choreographic institutions, can be used in educational and theoretical courses "Music in Choreography", "History of Ballet", etc.

**Scope:** the dissertation materials can be applied in scientific, educational activities in art criticism in the field of choreographic art and ballet theater.